**«Сага(Дiридий)»**

Сөзү: Иманалиев Каныбек Капашович

Обону: Карымов Айбек Үсөнович

Каткыргынын жаздын, эй, келиши,

Жылмайганың муздун, ой, эриши.

Кайгырганың кара, ой, сур булут да,

Кийиниши муздун, ой, periси.

Эңкейгениң назик, ой, тал чыбык,

Эркелешиң эркек, ой, тай күлүк.

Эриндериң гүлдүн, ой, жебеси да,

Эреркешиң неге ой кайгылык?

Билектериң балык туйлаган,

Билеригиң жүрөк кыйнаган.

Каткырганда төшүң бийлеген,

Кылыктарың нени кылбаган".

Буралганың марал,эй сен ушул,

Буралганың куштун, ой, учушу.

Ойлонгонуң түрмөк, ой, ак булутта,

Ойгонгонуң күндүн, ой, чыгышы.

Уктаганың ууз ий бөбөктөй,

Ыктаганың айяр , ой, балапан.

Жыттаганың жыпар, ой, көпөлөк да,

Жытталганың жалгыз, ой, аласаң.

Кайырма:

Көзүң болсо мөртүр, ой, жылгаяк,

Көкүрөгүң көлдүн ой, толкуну.

Дирилдесе дүрт деп ой, от жанат да,

Шыбырашың көлдүн, ой, шоокуму.

Сылаганың сулуу,ой, тал бекен,

Сыланганың улуу ой кен  мекен .

Сылаганың оттун, ой, илеби да,

Сураганың эмне иий болду экен